КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I-чакырылышынын IV-кезексиз сессиясынын ТОКТОМУ

2025-жылдын 22-февралы №20 Барскоон айылы

## Барскоон айылынын тургуну А.Иманбековго жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-4-пунктарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2022-жылдын 31-майындагы №291-токтомуна ылайык, Барскоон айылынын тургуну А.Иманбеков тууралуу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун билдирүүлөрүн угуп талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылынын тургуну А.Иманбековго айылдын эски алма бак аймагынан жеке турак жай салуу үчүн 0,8 га жер тилкеси бөлүнүп берилсин.
2. А.Иманбековго бөлүнгөн жер тилкесинин бекитилген чектик өлчөмүн Жети-Өгүз райондук жер мунапысын жүргүзүү комиссиясына сунуштоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү" тууралуу №291-токтомуна ылайык тиешелүү иштерди алып баруу жагы Барскоон айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.
3. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
4. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска